*УДК:37.013.811.111*
*DOI: 10.35254/bhu/16948130_2021_55_52*

***Ниязова Ж.***
*Кыргыз билим берүү академиясы, аспирант*

# МЕДИК СТУДЕНТТЕРДИН АНГЛИС ТИЛИНДЕ КЕСИПТИК БАЙЛАНЫШ КЕБИН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА АНЫ ЧЕЧҮҮНҮН ЫК-УСУЛДАРЫ

**Кыскача мазмуну**

*Макалада медик студенттердин англис тилинде кесиптик байланыш кебин калыптандырууга тоскоол болгон көйгөйлөр жана аны медициналык багыттагы кесиптик билим берүүдө чечүү жолдору талдоого алынат. Азыркы коомго мүнөздүү рыноктук мамиледе конкуренцияга туруштук берүү талаптарын сапаттуу аткаруу үчүн медициналык кесиптик билим берүүнү инсанга багыттап окутуунун зарыльдыгы, сабактын мазмунунда адистин турмушунда керек болгон көндүмдөрдү үйрөтүү менен окутуу формаларын тандоо жолдору чечмеленет. Кыргызстандын медициналык кесиптик билим берүүсү өзүн илимий жактан ала электиги, адистиктин ички сырларын толук өздөштүрүү үчүн жарандын муктаждыгын чечүүдө кандай шарттарды эске алууну талапка ылайык аткара албай жатканы макалада мисалдар менен көрсөтүлөт. Жарандык коомдо түзүлгөн инсандын кесипке болгон социалдык керектөөсү англис тилин үйрөнүү үчүн маанилүү экени да макалада кеп болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *медициналык педагогика, кесиптик билим берүү, анлгис тилин үйрөтүү, англис тилин окутуу, пикирлешүү, маалымат алмашуу, педагогика, рынок мамилеси, компетенция, мамлекеттик стандарт.*

# ПРОБЛЕМЫ ФОРМИРОВАНИЯ ПРОФЕССИОНАЛЬНЫХ КОММУНИКАТИВНЫХ НАВЫКОВ СТУДЕНТОВ-МЕДИКОВ НА АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКЕ И МЕТОДЫ ИХ РЕШЕНИЯ

**Аннотация**

*В статье анализируются проблемы, препятствующие формированию профессиональных коммуникативных навыков студентов-медиков на английском языке, и пути их решения в профессиональном образовании в сфере медицины. Для того, чтобы качественно удовлетворить требования конкурентоспособности в современной рыночной экономике, потребность в личностно-ориентированном медицинском образовании, содержание курса объясняет выбор форм обучения, обычая навыкам, необходимым для жизни специалиста. Статья иллюстрирует тот факт, что медицинское профессиональное образование в Кыргызстане ещё не получило учёную степень, и не отвечает требования по учету потребностей граждан для полного овладения секретами профессии. В статье также обсуждается важность социальных потребностей человека в профессии для изучения английского языка.*

***Ключевые слова:*** *медицинская педагогика, профессиональное образование, изучение английского язык, преподава-ние английского языка, общение, обмен информацией, педагогика, вопросы рынка, компетенция, государственные стандарты, конкуренция.*

# PROBLEMS OF THE FORMATION OF PROFESSIONAL COMMUNICATION SKILLS OF MEDICAL STUDENTS IN ENGLISH AND METHODS OF THEIR SOLUTION

**Abstract**

*The article analyzes the problems that hinder the formation of professional communication skills of medical students in English, and the ways of their solution in professional education in the field of medicine. In order to qualitatively meet the requirements of competitiveness in a modern market economy, the need for personality-oriented medical education, the content of the course explains the choice of forms of education, teaching the skills necessary for the life of a specialist. The article illustrates the fact that medical professional education in Kyrgyzstan has not yet received in academic degree, and does not meet the requirements for taking into account the needs of citizens to fully master the secrets of the profession. The article also discusses the importance of a person's social needs in the profession for learning English.*

***Key words:*** *medical pedagogy, vocational education, teaching English, learning English language, communication, information exchange, pedagogy, market issues, competence, government standards, competition.*

Кыргызстан эгемен мамлекет экендиги кесиптик билим берүү саясатын Мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү керектигин ачыктап барат. Анын акырындап жолго коюла баштаганын эске алсак, окутуу кыргыз тилинде жүрүшү мыйзам чегинде да, теориялык жактан да туура болоорун сезген окуу жайлар орус тилиндеги кесиптик терминдер менен түшүнүктөрдү Кыргызстандык студенттерге которуп окутуу [1, 5131.] зарылдыгын күн тартибине коюп келет. Ал бул багытта окутуунун жол-жоболорун иштеп чыгышын окуу жайларга милдеттендире баштады. Мындай көрүнүш англис тилин үйрөтүүгө карата башка өлкөлөрдөн айырмачылыкка ээ миссиянын аткарылышын бардык окуудан жайдан талап кыла турганын аккредитация аркылуу туюндурду. Азыр даяр формада кабыл алынган стандарттарда шарттуу түрдө берилген түшүнүктөрдү жарандын социалдык керектөөсү менен караганда бул даана көрүнөт. Кесиптик билим берүү инсандын социалдык кызыкчылыгы менен керектиги күн өткөн сайын белгилүү болуп баратышы мамлекеттик стандарттарда ачыкталбаган критерийлердин көрсөтүлбөгөн белгилерин элдин турмуш-тиричилигине айкалыштырып кароо менен аныктай баштады.

Маселенин социалдык жактан чечилиши жана анын илимий-теориялык багытта изилдениши зарыл проблема болгондуктан [2, 46 б.], ага тиешелүү чен-өлчөмдөрдү тактоодо англис тилин Кыргызстанда окутуунун тажрыйбаларын талдоо реалдуу практикалык иштерге негизделишин айкын көрсөтөт. Буга чейин дүйнө элдериндеги ири жетишкендиктерди көчүрүп келүүгө басым жасаган болсок, медик студенттердин кесипкөйлүгүн аныктоочу аккредитациянын талабын аткаруу — мамлекеттин кесиптик билим берүүгө жүктөгөн саясаты менен эсептешүү, медик студенттердин кыргыз, орус жана англис тилдери боюнча кесиптик байланыш кебин өлкөнүн көп улуттуу эли менен кызматташуу деңгээлинде билүүсүн камсыздоо, тил сабактары аркылуу мурда мектепте үйрөнгөн сабаттуулугун жогорулатуу, окутуу тажрыйбасын өркүндөтүү менен иш-кагаздарын туура уюштурууга көнүктүрүү сыяктуу жумуштарды жасоого бардык жогорку окуу жайларын милдеттендирет. Мазмуну бирдей көрүнгөн компетенциялар ар бир окуу жайдын өзгөчөлүгүнө жараша ар кандай критерийлер менен аныкталып, ал медицина кызматкерине карата коюлган кесипкөйлүктүн талабына ылайык өзгөрүп, кайда болбосун жасалчу жумуштун өзөгүн түзгөн коомдук-социалдык керектөөнүн сапаттуу аткарылышына көз каранды болгон түшүнүктөр аркылуу туюндурулууга тийиш. Анын чемемдери абстрактуу көрүнгөнү менен реалдуу турмуш чындыгы тарабынан өлчөнүүчү конкреттүү факторлорго алып барат. Бир тарабын Кыргызстандын тоолуу аймактарында тиричилик кылган жарандарынын оорусун аныктап, аларды айыктыруу менен байланышкан медик кызматкеринин кесиптик аракети түзсө, экинчи тарабын чет өлкөлөрдүн биринде алган диплому боюнча жумуш жасап, ал жердеги бейтапка өзүнүн кызматын сунуштаган Кыргызстандык жарандын облиги турат. Экөө тең бир окуу жайдан билим алганын элестетсек, медик студентке жогорку окуу жайы кандай кесиптик билим бериши керектиги даана көрүнөт. Тактап айтканда, Кыргызстанда окуган медик студенттин кесиптик байланыш кеби жогоруда биз белгилеп өткөн кептик-коммуникативдик муктаждыктарды толук канааттандырып, ким менен болбосун кызмат абалында жеке оюн түшүндүрүүгө жана алган билиминин негизинде оорусуну дарылап, бейтаптын көңүлүн табууга жетишкен, гумандуу мамиле кылуу көндүмдөрүнө ээлик кылган адистин “паспортун” ишке ашыруу зарыл экени ачыкталат.

Негизги басым мында компетенцияларга жасалгандыктан, жогорку окуу жайларында тил үйрөтүү жумуштары дайыма окутуунун жаңыча усул-ыкмалары менен жабдылып [3, 5.], ар бир өтүлгөн сабак педагогика илиминде аныкталган же тилдери үйрөтүүнүн дүйнөлүк практикасында иштелип чыккан илимий-методикалык норма-эрежелердин шартында аткарылууга тийиш. Анын сапаттуу аткарылышы үчүн иштелип чыккан концепция болушу зарыл экенин, ал унивеситет тарабынан мыйзамдаштырылып белгилүү бир жобонун негизинде өндүрүшкө киргизилиши керектигин бизге аккредитациянын талаптары түшүндүрдү. Мындан ары биз ушул багытка бара жаткандан кийин эл аралык деңгээлде жүргүзгөн практикалык жумуштардын үлгүсүндө иш алып барып, кайсы кесипте болбосун өлкө жаштарынын кесиптик билимин ага ыңгайлаштыруу менен алган миссияга жетүү туура жол болуп эсептелет. Маселе жалпы көрүнгөнү менен аны ишке ашыруу окуу стандарттарында белгиленген компетенцияларды — “жалпы” делген компетенциялардан тартып, кесиптик компетенцияларга чейин медик студенттерде калыптанышын камсыздоочу сабактарды окуу пландарына жайгаштыруу, анын негизинде иштелип чыккан силлабустар менен окуу-методикалык комплекстерди түзүү конкреттүү дисциплиналардын окуу жайда аныкталган билим берүү концепцияга көз каранды болоору анык. Ошондуктан медик студенттерге кесиптик билим берүү окуу жай тарабынан аныкталган “паспортто” толук чагылдырылышы керек. Биз медик студенттердин англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүү багытында иш алып баруу үчүн Кыргызстанда орун алган бир нече окуу жайдагы медициналык факультеттердин ушул тарапта жүргүзүлгөн иштери менен таанышып, ал жерде аткарылган жумуштардын мазмунун жергиликтүү бейтаптын жана дүйнөлүк медициналык кесиптик билим берүүдөгү медик студенттерге коюлган компетенциялардын чен-өлчөмдөрүнөн карaганда бир катар проблемалар бар экенин байкадык. Алар:

1) Медик студенттер окуу жайды аяктагандан кийин кесиби боюнча англис тилинен кандай тилдик жана кептик-коммуникативдик компетенцияларга ээлик кылышы так аныкталбагандыгы, б.а. окуу стандарттарында студенттин кептик көндүмдөрү так белгиленбегендиктен, аны ар бир окуу жай түрдүү варициялар менен берип, студенттин англис тилинде алчу билиминин натыйжасы даана көрсөтүлбөй калган. Тактап айтканда, англис тилинин кыргыз жана орус тилдери менен болгон катышы, ооруну дарылоодон тартып, врачтын иштөө чөйрөсүнө керектелүүчү тилдик каражаттар жана анын түрдүү кептик байланыштарда колдончу формалары бир дагы окуу жайда медик студенттин практикалык иштерине ылайыкташтырылып түзүлбөй, окуу материалдары баягы совет мезгилиндей эле жалпы түшүнүктөрдүн мазмунунда берилген. Мындай көрүнүш жогорку окуу

жайындагы англис тили сабактарын орто мектептеги сабактардан эч нерсеси айырмаланбай, студент кесиптик көндүмүнө тиешелүү маалыматтарды албай тургандыгын көрсөтөт. Бул ошол эле медик студентти адистиги боюнча туура жолго коюла электигин толук ырастайт.

2) Медик студенттер кесиби боюнча бардык билимди тил аркылуу ала турганы баарыбызга белгилүү, бирок Кыргызстанда бир да медициналык багытта кесиптик билим берүүчү окуу жай тил үйрөтүүчү сабактар менен кесипке үйрөтүүчү сабактардын ортосундагы өтмө катар байланышты түзө электиги, б.а. англис тили сабактары эч бир окуу жайда студентке кийин керектелүүчү кесиптик кептик көндүмдөрдү үйрөтпөстөн, Россияда түзүлгөн окуу китептерин пайдаланып келе жатышат. Ырас, окумуштуу адистер тарабынан иштелип чыккан даяр окуу китебин колдонбогула деш туура эмес, бирок ошол окуу китеби Кыргызстандагы медик студенттин англис тилине болгон кесиптик муктаждыгын канааттандырбай, окууну аяктагандан кийин жумушта керектелүүчү компетенциялар — тилдик, кептик, жалпы-маданий, инсандык жана кесиптик көндүмдөргө ээ болуу жагы окуу жайдын өзүндө өтүлгөн сабактарда аткарылбай, ошол эле студенттер англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин үйрөнүү үчүн курстарга барып жатканы буга мисал болуп берет.

3) Чет өлкөдөгү медициналык багыттагы жогорку окуу жайлары менен кызматташуу керектигин азыр өлкөдөгү ар бир окуу жай билет, бирок андай өз ара студент, аспирант жана докторант "алмашууда" англис тилинин ролу тактала электиги, б.а. студенттердин кесипке болгон даярдыгы англис тилинде окуп жана угуп түшүнүүсү, түшүнүп жазуусу, көрүү жана угуу органдары аркылуу кабыл алуусу, эске тутуусу, тил үйрөнүүчүнүн аң сезимдүү кабылдоосу сыртка кеткен маалда текшерилбегендиктен, алардын кандай максатта барып-келгени, эмнени өздөштүргөнүнүн натыйжасы көрүнбөйт. Мында негизги максат медик студенттердин англис тилинде жумуш аткаруу жөндөмдөрүн өнүктүрүү болгону менен анда андай көндүмдөрдү калыптандырууга колдонулган ык-усулдардын бирдиктүү системасы иштелип чыкпагандыктан, окуу процессинде жүргүзүлүүчү сабактардын мазмуну кесиптик байланыш кебин өстүрүүчү көндүмдөрдүн окуу жайда түптөлүшүн, аны белгилүү бир талап кылынган деңгээлде өздөштүргөн алдыңкы студенттер гана чет өлкөлөрдүн биринде билимин өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзбөй, "алмашуу" бизде стихиялуу жүрүп жатат. Андай стихиялуу абалдан кимдер пайдаланып жатканы азыр баарыбызга белгилүү.

4) Орто мектептерде окутулган англис тили сабактарынан медик студенттерге үйрөтүлүүчү англис тили сабактарынын ортосунда сөзсүз айырма болушу керектигин сыртынан баары эле сезишкени менен ошол өзгөчөлүк кандай критерийлерге негизделишинин ачыкталбагандыгы, б.а. жогорку окуу жайындагы сабактар деле мурда иштелип чыккан окутуунун салттуу формалар — сөз жаттатуу, сүйлөм түздүрүү, грамматиканы үйрөтүү, сөз байлыктарын өстүрүү, жат жазуу жана дил баян жаздыруу, сабаттуу жазууга жетиштирүү сыяктуу ык-усулдар аркылуу аткарылып келет, бирок алар менен жасалган жумуш азыркы учур талап кылган тилдик каражаттарды кептик-коммуникативдик байланышта колдонуу компетенцияларын калыптандыра албай жатат.

5) Дүйнө элдери менен медицина тармагы боюнча кызматташуу үчүн Кыргызстанда англис тилинин илим жана билим тили боло албагандыгы, б.а. медицина тармагында дүйнө калкында болуп жаткан түрдүү жетишкендиктен маалымат алып, ооруну сапаттуу дарылоонун ар кыл методикасын салыштырып колдонуу бүгүнкү күдө бардык жагынан маанилүү экени талашсыз болсо да, аны кыргыз жергесинде жайылтуу англис тилиндеги терминдерди, кесиптик түшүнүктөрдү кыргызчага которуу аркылуу кыргыз медицинасына керектелүүчү илимий-теориялык лексиканы калыптандыруу жумуштарынын англис тили сабактарынын окуу материалы катары окулбагандыгынан байкалат.

6) Кайсы өлкө болбосун өзүнүн мамлекеттик тилинде кесиптик иш кагаздарды, тигил жана бул тармактар боюнча илимий-теориялык түшүнүктөр менен терминдерди иштеп чыгуу аракетин көрүшү эл аралык деңгээлде туура чечим катары кабыл алынгандыктан, андай максаттуу жумуштар биздин өлкө үчүн эске алсак, анын реалдуу иштөө кызыкчылыктары толук бойдон кесиптик билим берүүгө көз каранды экендиги, б.а. окуу процесси улам жаңы муун менен толукталып, коомдун өнүгүүсүнө таянган инновациялык технологияларга негизделүү аркылуу жакшы билим берүүнү көздөгөндүктөн, ал башка тармактарга караганда дүйнөлүк жаңылануунү тез кабылдап, аны медик студенттерге даяр түрүндө берүү мүмкүнчүлүгү бар экенин эске алып, англис тилинен кыргыз тилине которуу иш-чараларын да жогорку окуу жайындагы тил үйрөнүү сабактары жөнгө сала албай жатат. Бул медицина илимине анчалык маанилүү болбогону менен кесиптик билим берүүдө анын орду чоң. Эгер Кыргызстандагы медик студенттердин англис тилин кесиптик байланыш кебин өстүрүүдө кыргызчага которуу жумуштарын колго албаса, мамлекеттин кесиптик билим берүүдөгү улуттук саясаты ишке ашпай, медицина тармагын тейлөөчү кесиптик лексика менен терминдерди жергиликтүү шартта пайдалануу көндүмдөрү тилдик, кептик-коммуникативдик компетенциялардан чыгып калышы мүмкүн. Сыртынан анча байкалбаганы менен ал мамлекеттин негизги кызыкчылыгына каршы келип, коомдук-социалдык чөйрөдө англис тилин түпкү элдин тилине айкалыштырып, кесиптик байланышта кептик аракеттер аркылуу колдонуу ишмердүүлүгүн солгундатат.

Медициналык педагогика мына ушул маселелерди чечүү камылгасын көрүп, медик студенттердин инсандык касиеттери жакшы калыптаныш үчүн кыргыз эли байыртан иштеп чыккан адеп-ахлактык түшүнүктөрдү улууга урмат, кичүүгө ызаат кылган адамкерчиликти, сылык-сыпаа сүйлөгөн кептик байланыштарды, бейтаптын оорусун түшүнүү менен жасалган жылуу мамилени да тил үйрөтүү учурунда кесиптик байланыш кебин өстүрүүнүн атрибуттары катары карап, ошол эле мезгилде педагогикалык психология аныктаган [4, 21–99-б.] жагымдуу эмоцияларды жумуш үстүндө көрсөтүү үчүн англис тилинин кептик курамында айтылчу сөз айкаштары менен сүйлөмдүк айтымдарды колдонуу этикетин үйрөтүү аталган сабактын вазыйпасында турат. Окуу стандарттарында жалпы компетенциялар катары орун алган мындай көндүмдөр азырынча англис тили

сабактарынын мазмунуна кире элек. Медик студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүп, кесиптик байланыш кебин өстүрүүдө окуу материалдары ушундай болушуна карата пикирин билүү максатында суроолорду бергенибизде ага катышкан 207 студенттин 73, 2 пайызы колдой турганын билдиришкен. Эмне үчүн ушундай пикирге келишкенине карата берилген суроолорго окуу материалы өздөрүнө керектүү кептик-коммуникативдик байланышты үйрөтүүгө багытталганын, ал студенттерди бири-бири менен сүйлөшүүгө үйрөтүп, кесиби боюнча сүйлөө деңгээлин жогорулатууга жардам бергенин, биреөлөрдүн өз ара көмөгүндө кесиптик байланыш кебин өстүрүүгө жагымдуу жагдай түзүлгөнүн айрым мисалдарды келтирүү аркылуу далилдешкен. Экинчи жагы, алардын берген жооптору Кыргызстанда жаңыдан түптөлө баштаган медициналык педагогиканын дидактикалык мазмунуна [5, 20–27-б.] таянып, англис тилин жогорку окуу жайларында окутууда медик студенттердин кесиптик байланыш кеби кандай этикеттерден түзүлүшү мүмкүн экендигин тактоого ыңгайлуу шартты жаратты десек болот. Анткени студенттерден алынган жооптор алардын англис тилине карата кызыкчылыктары кандай мазмунда толук канааттандырылышын так көрсөтүү менен бирге Кыргызстанда англис тилин чет тил катары окутуу жумуштарына карай коюлган талаптарды даана ачып бере алган. Ошондой эле кыргыз орто мектебин бүтүп келген медик студенттер англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүүдө аны орус тили аркылуу өздөштүрүүсү абдан кыйынчылык түзүп, эки тилди англис тили сабагында бирдей колдонуу экөөнү тең начар билген боюнча калтырып жатканына айрыкча басым коюшканын көрсөттү. Алар англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин кыргызчага которуу менен окушса, аны түшүнүү да, колдонуу да жеңил болоорун бир катар мисалдарды келтирүү далилдешкен. Медик студенттердин андай пикирлери демократиялык көз караш-ка, инсанга багыттап окутуу парадигмасына туура келет.

Шарттуу түрдө жалпы компетенциялар деп алынганы менен медик студенттердин тилдик жана кептик көндүмдөрү англис тилиндеги кесиптик байланыш кебин өстүрүүчү окуу материалдары аркылуу калыптанаары бышык. Ошондуктан окуу материалдарын түзүүдө англис тилин окутуунун усулдук колдонмолору совет мезгилинде иштелген структурадан чыгып, биринчи кезекте медик студенттин адистешүүсүнө маанилүү роль ойной турган кесиптик байланыш кебин өстүрүүчү кырдаалдык-тематикалык бөлүктөрдөн турушун сунуш кылууга болот. Мындай мамиле аккредитациянын талаптарына да толук жооп берет. Аны ишке ашыруу медициналык педагогиканын милдеттерине кирет десек, ага кайдигер карабаган англис тилчи окумуштуулар өз ойлорун айтышаары белгилүү. Себеби, бул багытта окутуу иштерин сапаттуу уюштуруп, жогорку медициналык кесиптик билим берүү боюнча эл аралык конкуренциядан артта калбай келе жаткан Россияда медициналык педагогика англис тилине дал ушундай мамиле жасоонун натыйжасында алдыңкы катарлардын биринде турат. Эгер эмгек базарына ушул багыттагы билимибизди коюп ийгиликке жетүүнү кааласак, анда Кыргызстанда аны турган турушу менен өздөштүрүп, болгону элдин эң аялуу катмарынын ден соолугун сактап, алардын арасынан да ден сак, акыл-эси жакшы өнүккөн балдардын төрөлүшүн камсыздай алуучу концепцияга жеткирүү зарылдыгы жашап жатканын эстейли. Ырас бул Россиянын кесиптик билим берүүсүн турган турушу менен көчүрүп алуу эмес, дүйнөлүк масштабда медицина илими менен ошол тармак боюнча адистерди окуп-тарбиялоонун ири жетишкендиктерине таянуу, аларды жергиликтүү элдин талабына ылайык чыгармачылык менен өздөштүрүү, Кыргызстандын калкы үчүн пайда болгон жактарын өркүндөтүү, аткарылуучу жумуштарды практикада тажрыйбадан өткөрүп, өтө натыйжалууларын андан ары улантып пайдалануу сыяктуу маселелер менен байланышта каралууга тийиш. Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу багытында окуу стандарттарынын биздин өлкөгө киришине он жылга жакын убакыт болуп, бул боюнча аткарылган жумуштардын алгычкы түшүмүн өндүрүштөн көрүп калдык. Ал бизге медициналык тармактарда жогорку кесиптик билим берүүдө жүрүп жаткан бардык окуяларды көз алдыга келтирүүгө мүмкүнчүлүк түзүп, ийгилиги кайсы, кетирген кемчилдиктерибиз кандай экенин даана ачыктап бергендиктен, азыр ошол мүчүлүштүктөрдү жоюунун үстүндө иш алып баруу зарылдыгы да байкалууда. Проблемага так жана туура жооп берүү үчүн биз Кыргызстанда медициналык багытта жогорку кесиптик билим берген окуу жайлардын баарынын окуу пландарын жана англис тили сабагы үчүн түзүлгөн силлабустар менен окуу-методикалык комплекстерин карап, салыштырып чыктык. Алардын ортосунда кескин айырмачылыктын кездешпегени баары акылдашып, бир максатты көздөө менен иш алып барып жатканын туюндурат. Бир караганда туура, бирок ар бир окуу жай өлкөнүн түрдүү аймагында жайгашып, биринчи кезекте жергиликтүү элге кызмат көрсөтүү багытында жумуш аткарып жаткандыктан, алардын ар биринин алдына койгон миссиясында белгилүү бир өзгөчөлүктөр болушу керек эле, бир мындай көрүнүш байкалбады. Мунун өзү кесиптик билим берүүгө багыт алган жогорку окуу жайлар жергиликтүү элдин адистикке болгон муктаждыгын дагы эле толук үйрөнө электигин көрсөтсө, экинчи жагынан ички жана тышкы конкуренцияга кантип катышууга боло турган мүмкүнчүлүктү дале өздөштүрө албай жатканынан кабар берет.

Проблемага терең үңүлүп кирүүдөн биз медициналык кесипти толук кандуу өздөштүрүү үчүн жогорку окуу жайында окутулуп жаткан англис тили кандай иштерди аткарса медик студенттер сапаттуу билимге ээ болушу мүмкүн экендиги да тактала электигин байкадык. Аны силлабустар менен окуу-методикалык комплекстер ачык эле көрсөтүп турат. Ошондой эле медик студенттердин адистешүү компетенцияларын аныктоодо бул багыттагы мамлекеттик окуу стандарттары англис тилин билимдин төмөнкү (А 1) чегинде алган. Мындай көрүнүш окуу жай үчүн жеңилдик болгону менен Кыргызстанда билим алган студенттин кесиптик даярдыгы эл аралык конкуренцияга туруштук берүүчү чен-өлчөмдөн төмөн экенин айкындап турат. Ал эми окуу жайлардагы практикалык абалга байкоо салганда жогоруда белгиленген талап боюнча медик студенттердин англис тилине таандык тилдик жана кептик-коммуникативдик компетенци-

ялары сөздүк менен иштөө деңгээлинен чыга албаганын ачыктайт. Тактап айтканда, окуу стандарттарында белгиленген жалпы-маданий компетенциялардан (ЖМК-5; ЖМК-6 орусчасы ОК-5; ОК-6) жана инстурменталдык компетенциялардан (ИК-2; ИК-3) айрым пункттарын аткаруу менен медик студенттердин кесиптик даярдыгын жогорулатуу максатында маалымат алуу, кептик-коммуникативдик ишмердүүлүгүн калыптандыруу багытында иш-чараларды жөнгө салууну көздөп, англис тилинин фонетикасын, морфологиясын, синтаксисин, б. а. лексикалык-граммаимкалык түзүлүшүн Англиянын маданияты менен тарыхын таанып-билүү деңгээлинде билишин (знает), аны текстти окууда, котурууда, аудио жана видео пайдаланууда, түрдүү социалдык-маданий коммуникациянын каражаты катары керектөөдө, кесибине ылайык маалыматтарды алууда, оозеки жана жазуу кепте колдонушун (умеет), иш-кагаздар менен иштөөдө, котурууда жана окууда тиешелүү көндүмгө ээ болушун (владеет) талап кылат. Окуу процессинде жүрүп жаткан абалдан караганда эч кандай кынтык табууга болбойт, англис тилин мындай мазмунда окутуу жумуштары өткөн кылымдан бери түптөлүп, сабак берүүнүн ык-формалары салтка айланып калган. Баарыбыз ага ыңгайлашып бүткөнбүз, бирок англис тили боюнча сабактардан алынган натыйжа окуу стандарттары койгон результаты бербей жатышы мурда иштелип чыккан окуу материалын жаңылоону аудио жана видео каражаттарынын ички табиятын бүгүнкү күндүн талаптарына алып келүү, окуу, которуу, сүйлөө жана сүйлөшүү тексттерин кесибине тиешелүү түшүнүктөргө жеткирүүнү окуу процессине милдеттендирет. Ал англис тилчи окутуучулар менен профессорлор жамаатын биргелешип, чыгармачылыкта иштөөсү керектигин көрсөтөт. Ырас, мурда мындай иштер Россия тарабынан түзүлүп [6] анан аймактарга тараган болсо, азыр Кыргызстандын англис тилчи окумуштуулары проблеманы чечүү жагын өз мойнуна алышы зарыл болуп турганын бул жерде айтпай кетүүгө болбойт.

Англис тилинде медик студенттердин кесиптик байланыш кебин талаптагыдай өстүрүү үчүн окуу процесси аяктагандан кийин алынып жаткан результатты карап, ошого жараша окутуу жумуштарынан алынган жыйынтыкка баа берүү туура болоору баарыбызга белгилүү. Маселен, Кыргызстанда медициналык багытта жогорку кесиптик билим берип жаткан окуу жайларда эмгектенген мугалимдер, окутуучу-профессорлор тарабынан түзүлгөн окуу-методикалык комплекстерге байкоо салсак, медик студенттердин англис тилинде кесиптик байланыш кеби социалдык чөйрөдө иштиктүү мамиле кылуунун бир атрибуту катары каралып, сүйлөө жана сүйлөшүүдө өз оюн чагылдырып жаткан Мамлекеттик же расмий тилдин бир кичине бөлүмчөсү сыяктуу белгиленип калган. Тактап айтканда, окутуунун результаты медик студенттин окуу стандарттарында белгиленген компетенцияларга толук ээ болушунун (ОР = ЖМК 5 + ЖМК 6 + ИК 2 + ИК 3) натыйжасы катары белгиленген. Чечмелей келсек, окутуунун результаты (ОР) — эл арасында сүйлөө кебинде англис тилинде өз оюн логикалык жактан так, жеткиликтүү аргументтештирген, кесиби боюнча полемикага катыша алган, толеранттуу жана зарыл болгон шартта түрдүү конфликттерди жөнгө салган (ЖМК-5); оозеки жана жазуу кепте колдонулган коммуникативдик каражаттарды кыргыз жана орус тилине которуп пайдаланган (ЖМК-6); англис тилинде күндөлүк турмушта керектелүүчү кептик байланышты жүргүзүүгө мүмкүнчүлүгү жеткен (ИК-2); англис тилинде илимий-теориялык аныктамаларды, илимий адабияттарды, оорунун аталыштары менен ага колдонуучу дары-дармектерди окуп түшүнүү жана которуу жумуштарын аткарууга (ИК-3) ээлик кылган компетенциялардын болушун түшүндүрөт.

***Адабияттар***

*1. Мукамбетова А. С. Кош тилдүүлүк боюнча мыйзамдын чыгышы Мамлекеттик тилди окутуунун жаңы баскычка көтөрүлүшү. / А. С. Мукамбетова. // К. Карасаева атындагы БМУнун Жарчысы. — Б.: 2007. № 1 (7). — 131 134-б.*

*2. Бараник Е. В. Формирование основ профессиональной компетентности как одна из основных задач языковой подготовки в вузе. / Е. В. Бараник // Высшее образование сегодня. — 2008. — № 3. — С.45 – 47*

*3. Таштанкулова Ж. Ж. Долбоорлук технологиянын негизинде бакалавр студенттерди орус тилинде оозеки баарлашууга үйрөтүү. Пед. илим. канд. дисс. автореф. / Ж.Ж.Таштанкулова. - Бишкек, 2017. – 21-б.*

*4. Выготский Л. С. Педагогическая психология. / Л.С.Выготский. – М., 2005. 367 с.*

*5. Волохова Е. А., Юкина И. В. Дидактика: Конспект лекций. / Е.А.Волохова, И.В.Юкина. – Ростов на Дону: Феникс, 2004. – 423 с.*

*6. Маслова А. М. Essential English for Medical Students. / А.М.Маслова М., 1998. 394 с.*